***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.15.94.057***

***Барпыбаев Т.Р., Токтомамбетова Ж.С.***

# «КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР» ТҮШҮНҮГҮНҮН МАЗМУНУН ТАЛДОО

***Барпыбаев Т.Р., Токтомамбетова Ж.С.***

# АНАЛИЗ СОДЕРЖАНИЯ ПОНЯТИЯ «ОЖИДАМЫЕ РЕЗУЛЬТАТЫ»

***T. Barpybaev, Zh. Toktomambetova***

# ANALYSIS OF THE CONTENT OF THE CONCEPT «EXPECTED RESULTS»

*УДК: 3.37.02.*

*Макалада кесиптик билим берүүнүн инновациялык өнүгүү шартында окутуунун күтүлүүчү натыйжалары тууралуу түшүнүк талкууланган. Бул максатта "натыйжа аркылуу" принцибин колдонуу менен практикалар, дисциплиналар, модулдар боюнча кесиптик даярдоонун мазмунун түзүүдөгү окутуучулардын алдына коюлган маселелер калыптандырылган. Натыйжада компетенциялардын калыптануу деңгээли түзүлгөн, аны менен дисциплина боюнча окутуунун натыйжалары пландалган түрдө көрсөтүлгөн жана баалоо каражаттарынын фондун түзүү иштелип чыккан. Инсанга багытталган окутуу мамилесинин жаңы методикалык мамилеси талдоого алынган. Күтүлүүчү натыйжалар, окутуунун натыйжалары, билим, билгичтик жана көндүмдүн негизги көрсөткүчтөрү, көндүмдөрдү калыптандыруу сыяктуу түшүнүктөрдүн маңызына түшүндүрмө берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *күтүлүүчү натыйжа, окутуунун натыйжасы, компетенция, компетенттүүлүк мамиле, баалоо каражаттарынын фонду, инсанга багытталган окутуу, көндүм, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруу.*

*В статье раскрываются понятия об ожидаемых результатах обучения в условиях инновационного развития профессионального образования. С этой целью сформулированы задачи, стоящие перед преподавателями при проектировании содержания профессиональной подготовки по дисциплинам, модулям, практикам с использованием принципа «от результата». Это формулировка уровней сформированности компетенций, представления их в виде планируемых результатов обучения по дисциплине и разработка фондов оценочных средств. Анализирован новый методический подход по личностно-ориентированному подходу обучения. Раскрыта сущность значений ожидаемые результаты, результаты обучения, основные показатели такие как знание, умение и навык, формирование навыков.*

***Ключевые слова****: ожидаемые результаты, результат обучения, компетенция, компетентностный подход, фонд оценочных средств, личностно-ориентированное обучение, навык, умение, формирование навыков.*

*The article reveals the concept of expected learning outcomes in the context of innovative development of vocational education. To this end, the tasks facing teachers in designing the content of professional training in disciplines, modules, practices using the principle "from the result" are formulated. This is the formulation of the levels of formation of competencies, their presentation in the form of planned learning outcomes in the discipline and the development of funds for evaluation tools. The new methodical approach on the personality-oriented approach of training is analyzed. The essence of the values of the expected results, learning outcomes, key indicators such as knowledge, skill and skill, the formation of skills is disclosed.*

***Key words****: expected results, learning outcomes, competence, competence-based approach, fund of assessment tools, student-centered learning, skill, skill, skills formation.*

Кыргызстанда билим берүү системасын реформалоо боюнча бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлүп келүүдө. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунун жана түзүлүшүн оптималдаштыруу максатында жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттарын компетенттүүлүк мамиленин негизинде түзүлүп, колдонулуп жатат. Жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы мамлекеттик билим берүү стандарты өлкөдө бирдиктүү билим берүү деңгээлин жана мейкиндигин камсыздоого мүмкүнчүлүк ачты. Модулдар менен окутууга карата иштелип чыккан билим берүү программаларында негизги системаны түзүүчү элементи болуп – *окутуунун натыйжасы* эсептелет. Окутуу процессинин түзүлүшүндө окутуунун натыйжасы окууну көзөмөлдөө, баалоо, окуутунун каражаттары жана усулдары менен тыгыз байланышкан [1].

Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде билим берүү программасын иштеп чыгуу үчүн бир гана аны баяндоо же компетенцияларды аныктоо жетишсиз. Ар бир компетенцияны аныктоодо, аны өздөштүрүүнүн бардык мүмкүн болгон деңгээлдерин таануу маанилүү, ар бир компетенцияны өздөштүрүүнүн деңгээли үчүн – дескрипторлорду (окутуунун натыйжаларын пландоо, алар бааланышы жана өлчөнүшү мүмкүн) жана ар бир пландалган окутуунун натыйжасы үчүн аны баалоонун көрсөткүчтөрүн аныктоо зарыл. Мында ошол дескрипторлорду жана көрсөткүчтөрдү баяндоодо өтө так болуу маанилүү, себеби алар тиешелүү билим берүүнүн, окутуунун жана баалоонун усулдарына дал келүү менен камсыздалышы керек [2].

Жаңыланган билим берүүнүн мазмунуна өтүү билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин чегинде окутууга карата жаңы талаптарды коюуда. Билим

берүүнүн мазмуну менен түзүлүшүн жаңылоонун маңызын студенттердин өз алдынча ой-жүгүртүүсүн камсыздаган окутуунун салттуу түрүнөн кетүү, билим берүүнүн жаңы түзүлүштөгү моделине өтүү түзөт. Коомдогу ачыктык, анын тездик менен маалыматка ээ болушу жана кыймылдуулугу сыяктуу заманбап өзгөрүүлөр билим берүү системасынын талаптарын кескин өзгөртүүдө [3].

Заманбап кесиптик билим берүүнүн натыйжаларынын түздөн-түз системасында борбордук орунду тиешелүү баскычта практикалык тажрыйбага негизделген бүтүрүүчүнүн компетенциясы ээлейт. Бирок, билим, билгичтик жана компетенциялардан сырткары, билим берүүнүн түздөн-түз натыйжалары катары түрдүү интеллектуалдык жана инсандык сапаттарын өнүктүрүү дагы, белгилүү дүйнө таанымын калыптандыруу дагы жана бүтүрүүчүнүн баалуулуктарынын системасы да болушу мүмкүн.

Билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжалары болуп билимге ээ болгон инсан канчалык деңгээлде өзүнүн негизги жашоодогу ролун ийгиликтүү аткарып жатат, мисалы, атуулдун, кызматкердин, мекенди коргоочунун, сабаттуу керектөөчүнүн ж.б. билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжалар, мисалы, өнөр жайдагы өндүрүштүн натыйжаларынан белгилүү бир жактары менен айырмаланып турат. Эгерде иштеп чыгарылган автоунаалардын же минералдык жер семитркичтердин санын жана сапатын баалоо кыйынчылыктарды жаратпаса, билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжаларын баалоо дайыма эле оңой боло бербейт. Билим берүү системасында натыйжага карата басым жасоо методикалык мамиленин өзгөрүшүн билдирет: себеби, натыйжа окутуучуга эмес, студентке “байланган” – билим берүү процессинин борборун окутуу эмес окуу түзүп калат. Мында эмне окутулганы маанилүү эмес (б.а. окутуучу өзүнүн сабактарында студентке эмне “берди”), маанилүү болуп студенттин эмнени (окутуу мезгилинде студенттин өзү эмнени “алды”) өздөштүргөндүгү эсептелет. Мына ушундай учурда гана окутуу процессинин аягында анын реалдуу кыймылын баалоого болот. Тескери болгон учурда окутуучунун окутуу таасири (мисалы, мыкты лектор болгону менен окутуп жаткан материалын бышыктап же практикалык колдонулушун бекемдебесе) мейкиндикте тарап кеткендей эле болот дагы студенттер эч нерсени үйрөнбөй калышат. Бирок бул учурда окутуучунун окутууга карата коюлган максаты ишке ашырылды, б.а. программасы өтүлдү, окутуучу өзүнө бөлүнгөн саатты туура пайдаланды десек болот [2].

Жаңы методикалык мамиле катары кээде аны “студентке борбордоштурулган” - деп дагы атап жүрүшөт, бул мамиле конкреттүү маселени чечүүгө – бардык студенттердин пландалган билим берүүнүн натыйжаларына жетишүүсүн камсыздоого багытталган. Мында окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдоруна, студенттердин өз алдынча иштерине, ошондой эле окутуунун натыйжаларын баалоонун каражаттары менен технологияларына да көңүл бурулган.

Ар бир окутуучу өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө башкы максаттуу багыты катары студенттин инсандык-кесиптик өнүгүшүн эсептейт. Мына ушуга байланыштуу окутуучу өзүнүн кесиптик-практикалык ишмердүүлүгүндө, түзүлгөн кырдаалдан көз-карандылыкта төмөндөгүдөй багыт алышы мүмкүн:

– *студенттердин интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө карата* – ой-жүгүртүүдөгү өз алдынчалык, окуу материалын тездик менен мыкты өздөштүрүү, көңүл буруу, эске тутуу ж.б.;

– *эмоционалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө карата* – эстетикалык табити, көңүл буруудагы тажрыйбасы, эмпатия, өзүн-өзү эмоционалдуу көрсөтүүгө, сезимдерди көрсөтүү маданиятына карата жөндөмдүүлүгү ж.б.;

– *чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү* – оригиналдуулук, ийкемдүүлүк, сынчыл ой-жүгүртүү, ассоциалашуудагы жеңилдик, чыгармачылык эргүү, пикир-сунуштарды колдоого алуу, өз алдынча изденүү ишмердүүлүгү ж.б.;

– *кесиптик компетенцияларды өнүктүрүү* – реалдуу өндүрүштүк практикада кесиптик билимди, билгичтикти жана көндүмдү эффективдүү колдонуу.

Окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар анын жекече билим берүүдөгү максаттары болуп калат. Билим берүүдөгү мындай максатка ылайыкташуу – *диагноздоочу максатка шайкеш келүү* деп аталды, анын негизги түшүнүгү – “диагноздоочу максаттар” (билим берүү, окутуу). Диагноздоочу максаттар (билим берүүдөгү) – бул окутуучу же башка эксперт тарабынан баалоого же таанып-билүүгө (диагноздоого) мүмкүн болгон окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын формасында көрсөтүлгөн максаттар. Эреже боюнча бул – студенттердин көндүмдөрү, б.а. алар тарабынан өздөштүрүлгөн аракеттердин топтому. Компетенттүү мамиле менен диагноздоочу максаттар билим берүүдө бири-бирин теория да, практика да байытуу менен параллель өнүгүшкөн. Экөө тең бирдиктүү жалпы идеяны тутунушат – билим берүүнүн натыйжага карата багыт алуусун. *Компетенттүүлүк мамиле кесиптик билим берүүнү күтүлүүчү натыйжалардын топтому менен камсыздаса, ал эми диагноздоочу максат ошол натыйжаларга жетүүдөгү бүтүндөй билим берүү процессин өнүктүрөт* [4].

Мына ошентип, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары – бул билим, билгичтикти, көндүмдү жана калыптандырылган компетенцияларды өздөштүрүү, б.а. студент окуу процессинин ийгиликтүү аягында эмнени билет, түшүнөт жана жасай алат.

“Окутуунун натыйжасы” термини расмий түрдө биринчи жолу Болон процессиинин иш-кагаздарында,

2003-жылы билим берүү министрлеринин Берлин конференциясынын коммюникесинде колдонулган. Болон процесси 1999-жылы жогорку билим берүүнүн жалпы европалык бирдиктүү системасын түзүү алкагында жаралган, курамын 48 мамлекет түзөт, анын ичинде Кыргызстан да бар. Анын максаттарынын бири катары “студенттердин мобилдүүлүгүнүн кенири чөйрөсүн стимулдоодо тиешелүү каражат катары баалоо бирдиктеринин системасын түзүү” эсептелет. Ошондо ECTS (European Credit Transfer and Accumulation Systems) – чегеримдик бирдиктерди топтоонун жана өткөрүүнүн европалык системасы. Системанын максаты – квалификацияларды алууну, окутуунун бирдиктерин жана студенттердин мобилдүүлүгүн пландоонун, ишке ашыруунун, баалоонун, таануунун жана легалдаштыруунун процесстерине көмөктөшүү.

Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын аныктоо үчүн көбүнчө Бенджамен Блумдун таксономиясын колдонуп келишет, ал билим берүү максаттарын (пландалган билим берүү натыйжаларын) үчкө бөлөт: *когнитивдүү* (предметтин мазмунун өздөштүрүүгө карата талаптар), *психомотордуу* (кыймылдуу, нервбулчуңдуу ишмердүүлүктү өнүктүрүү) жана *аффективдүү* (окууга карата мамиле, эмоционалдуу-баалуулук чөйрөсү), ал өз кезегинде студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн тибинен көз-карандылыкта алты бөлүмгө бөлүнөт: **билим**, **түшүнүү**, **колдонуу**, **талдоо**, **синтез**, **баалоо**.

Окутуунун натыйжаларына жетишүүнүн негизги көрсөткүчтөрү:

*Билим* – бул реалдуулукту таанып-билүү процессинин натыйжасы, предметтер жана кубулуштар тууралуу алынган маалыматты, түшүнүктү, талкууну, теорияны, ой-жүгүртүүлөрдү системалаштыруу жана жалпылоо.

*Билгичтик* – өзгөрүлүп турууучу шарттардагы практикалык ишмердүүлүктө ээ болгон билим менен көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгү, аракеттерди аткаруудагы өздөштүрүлгөн ыкмалар.

*Көндүмдөр* – колдонуучу, колдонулуучу аракеттердин топтому, б.а. кызматкер тарабынан өзүнүн ишмердүүлүгүндө билим, билгичтиктерди мотивация катары колдонуу менен автоматташтырылган моделге чейин жеткирилген аракети.

Көндүмдөрдү калыптандыруу окутуудагы компетенттүүлүк мамилеге байланыштуу. Өздөштүрүүдөгү ар бир деңгээл үчүн компетенцияларды өнүктүрүүнүн максаттуу деңгээли аныкталат, ага белгилүү көндүмдөр дал келет. Бул учурда компетенцияларды түшүнүү үчүн эки негизги мамиле каралат:

- *Америкалык мамиле* - компетенция кызматкердин жүрүм-турумун көрсөткүчү катары каралат. *Компетенция – кызматкердин негизги мүнөздөмөсү, ага ээ болуу менен ал туура жүрүм-турумун көрсөтүшү керек, анын натыйжада жумушунда жогорку көрсөткүчтү жаратуусу зарыл.*
- *Европалык мамиле* - компетенцияларды жумуштагы маселелерди чечүү же күтүлүүчү натыйжаларды баяндоочу катары каралат. *Компетенция – мекеме-ишканаларда кабыл алынган стандарттардын негизинде кызматкердин аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.*

Билим берүү процессиндеги түрдүү катышуучулардын көз-карашы боюнча “компетенция” жана “окутуунун натыйжасы” түшүнүктөрүн бөлүп кароо зарыл. *Компетенциялар* – бул илимдин, түшүнүүнүн, билгичтиктин, көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн кыймылдуу топтому. Компетенциялар натыйжага карата багыт алат, ал эми натыйжа катары белгилүү болгондой алынган билим, билгичтик, көндүм жана өзгөрүлүп туруучу чөйрөнүн практикасында колдонулуучу жөндөмдүүлүк эсептелет. Окутуунун натыйжалары студенттер тарабынан жетишилген компетенциялардын деңгээлин чагылдырат жана окутуу процессине багытталат.

Окутуунун натыйжалары:

- студентке окутуу процессинин жүрүшүндө андан эмне күтүлө тургандыгын жана жетишилген натыйжа кандай критерийлер боюнча баалана тургандыгын түшүнүүгө жардам берет;
- пландалган натыйжаларга жетүүдөгү окутуучулардын көңүлүн жана аракеттерин күчтөндүрөт жана адекваттуу баалоону жүргүзөт;
- багыты боюнча бүтүрүүчүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу потенциалдуу иш берүүчүлөргө ачык сунуштарды берет [5].

“Натыйжа аркылуу” мамилени колдонууда билим берүү стандарттарындагы конкреттүү дисциплиналар боюнча окутуунун натыйжаларынын жана компетенцияларынын түшүндүрмөсүнүн катышы кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн, себеби учурда көптөгөн дисциплиналар боюнча методикалык иштелмелер (китептер, окуу куралдары, көрсөтмөлөр) даярдалып, алардын басмадан чыгып калгандыгына байланыштуу. Андыктан билим берүү программасында, модулдарда жана күтүлүүчү натыйжаларга карата кайрадан тездик менен дисциплиналар боюнча окуу материалдарынын мазмунун өзгөртүүгө карата аракеттерди жасашыбыз зарыл. Алдыдагы кыйынчылыктарга карабастан бул кырдаалдан чыгуу максатында окутуучулар тарабынан жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык билим берүү программаларын жаңылоо керек [6-7].

Мында билим берүү программаларынын өзүнчө жеке элементтери боюнча окутуунун натыйжаларын түзүү менен компетенциялардын топтомун бүтүндөй өлчөөнү эмес, окутуучуга дисциплинанын өздөштүрүлүшүнүн конкреттүү көрсөткүчүн аныктоого жана окутуунун натыйжаларын баалоону түшүнүктүү жана ачык жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Окутуунун натыйжалары төмөнкү иш-кагаздар

аркылуу көрсөтүлөт:

– бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк моделинде;

– компетенцияларды калыптандыруу программасында;

– окуу планынын компетенттүүлүккө багытталган бөлүгүндө;

– баалоо каражаттарынын фондунда;

– дисциплинанын жумушчу программаларында, окуу методикалык комплексинде;

– жыйынтыктоочу комплекстик сыноолордун программасында.

**Корутунду.** Компетенттүүлүк мамиленин негизинде түзүлгөн билим берүү программалары ар бир окуу модулундагы окутуунун натыйжаларын түзүүгө өбөлгө болот. *Окутуунун натыйжалары* – студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн күтүлүүчү жана өлчөнүлүүчү жетишкендиктери, алар билим, билгичтик, көндүмдөр жана окуу ишмердүүлүгү аркылуу мүнөздөлөт. Мына ошентип, окутуунун натыйжаларын аныктоо зарыл, себеби, аларга карата студенттердин учурдагы жетишкендиктерин кароого, ошондой эле өз убагында зарыл болгон түзөтүүлөрдү окуу процессине киргизүүгө мүмкүнчүлүк болот.

*Биринчиден*, натыйжалардын жыйындысын аныктоо менен көрсөтүлгөн көндүмдү өнүктүрүү үчүн алардын ар бирин баалоо маанилүү, ошондой эле билим берүү программасын, модулду, дисциплинаны өздөштүрүүнүн чегинде натыйжага жетүүнүн мүмкүнчүлүгү талдоого алынат.

*Экинчиден*, натыйжалар сөзсүз окутуунун жана билим берүү программасынын максатына дал келиши керек жана милдеттүү түрдө бири-бири менен удаалаштыгын сакташы зарыл.

*Үчүнчүдөн*, күтүлүүчү натыйжалардын саны көп болбошу керек, себеби, баалоодо кыйынчылыктарды жаратат.

*Төртүнчүдөн*, күтүлүүчү натыйжалар негизинен кыймыл-аракеттерди көрсөткөн активдүү этиштерден түзүлүшү зарыл.

Мына ошентип, жаңы жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын кабыл алынышы менен кесиптик даярдоонун мазмунун түзүүгө карата дисциплиналык мамиледен толук кетүүнү шарттайт. Бул билим берүү программасындагы модулдук түзүлүштүн милдеттүү талабы болуп эсептелет. Ошондой эле окуу планындагы өздөштүрүлүүчү дисциплиналардын окутуунун натыйжаларына карап түзүлгөн билим берүү программасындагы компетенцияларды калыптандыруу процессин пландоо менен тыгыз байланышта түзүлүшүнө өзгөчө маани берүү керек. Натыйжада төмөндөгүдөй үзгүлтүксүз удаалаштыкты алууга болот: "*компетенция – компетенцияларга ээ болуу деңгээли – дисциплинаны окутуунун натыйжалары – компетенциялардын калыптануу деңгээлин баалоонун критерийлери – конкреттүү бөлүмдүн (теманын) билим берүүдөгү натыйжалары*". Мындай удаалаштыкты ачык көрсөтүү менен жетишилген окутуудагы натыйжалардын сапатынын кыймылдуулугун чагылдырууга болот, б.а. төмөндөн жогору карай.

**Адабияттар:**

1. Калдыбаев С.К. Анализ содержания понятия "Результат обучения" // Международный журнал экспериментального образования. - 2016. - №12-2. - С.176-179.
2. Адам С. Использование результатов обучения // Болонский процесс: середина пути / Под науч.ред. В.И. Байденко. - М., 2005. - С.100-139.
3. Хуторский А.В. Методика личностно-ориентированного обучения: как обучать всех по-разному? Пособие для учителя. - М., 2005. -С.46.
4. Дюкарев И., Караваева Е., Ковтун Е. Ключевые ориетиры для разработки и реализации образовательных программ в предметной области "Образование". - Бильбао: Университет Дуесто, 2013. -79с.
5. Ефремова Н.Ф. Экспертиза качества освоения компетенций студентами по модулям образовательных программ // Научное периодическое издание "CETERIS PARIBUS". №1(1) / 2015. - Москва: ООО "Европейский фонд иннвационного развития", 2015. - С. 76-82.
6. Егоров Е.Е. Приведение компетенций ФГОС к квалификационным требованиям профессионального стандарта и их реализация в подготовке менеджера / Е.Е.Егоров, Л.И. Васильева, Т.Е. Лебедева // В мире научных открытий. - 2014. - №3 (51). - С. 124-137.
7. Фильченкова И.Ф. Вовлечение в инновационную деятельность как аспект управления инновациям в ВУЗе / И.Ф. Фильченкова // Известия Балтийской государственной академии рыбопромыслового флота: психолого-педагогические науки. -2015. - №3(33). - С.43-50.